КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

17

# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН БЮЛЛЕТЕНИ

# ОШ МУнун КИТЕПКАНАСЫНА КИТЕПТЕРДИ КАБЫЛ АЛУУ ЭРЕЖЕЛЕРИ

Ош – 2011

**Ош мамлекеттик университетинин №17-бюллетени. ОшМУнун китепканасына китептерди кабыл алуу эрежелери. – Ош: ОшМУ, 2011. – 8 б.**

ОшМУнун 2011-жылдын 17-ноябрындагы Окумуштуулар Кеңешинин №3-жыйынынын чечими менен кабыл алынган жана ОшМУнун ректорунун 2011-жылдын 21-ноябрындагы №636-буйругу менен бекитилген.

Бюллетенде ОшМУнун китепканасына университеттин профессордук-окутуучулук курамы жана кызматкерлеринин илимий жана окуу басылмаларын кабыл алуу эрежелери, басылмаларга коюлуучу нормативдик талаптар, ошондой эле кабыл алуу заявкасынын үлгүсү келтирилген.

ОшМУнун китепканасына китептерди кабыл алуу ОшМУнун ректорунун 2011-жылдын 6-октябрындагы № 438-буйругу менен түзүлгөн атайын комиссия жүзөгө ашырат.

© Ош мамлекеттик университети, 2011

## 1. ОшМУнун китепканасына адабияттарды кабыл алуунун тартиби жана шарттары

Китепкана университеттин окутуучуларынан жана кызматкерлеринен төмөнкүдөй тартипте окуу басылмаларын кабыл алат:

1-таблица

| № | Басылмалардын категориялары | Кабыл алуу саны (экз.) |
|---|---|---|
| 1 | Илимий багыттагы басылмалар: монография, макалалардын жыйнагы, конференциялардын материалдары ж.б. | 1-5 экз. |
| 2 | Справкалык мүнөздөгү басылмалар: справочниктер, сөздүктөр, энциклопедиялар, атластар ж.б. | 1-5 экз. |
| 3 | Окуу процессин камсыздоо үчүн окуу китептери жана окуу колдонмолору:<br>1) Негизги адабияттар<br>2) Кошумча адабияттар | Окуу жайын окуу адабияттары менен камсыздоо нормативине ылайык өлчөмдө (студенттердин контингентин эске алуу менен) |

Окуу адабияттарын кабыл алуу үчүн заявканы даярдоодо төмөнкүлөрдү эске алуу керек (1-тиркеме):

- Китепкана фондунун каталогу боюнча бул басылманын бар же жок экендиги аныкталышы керек. Эгерде бар болсо, анда канча экз. бар экендиги такталышы керек;
- Заявкада автордун (авторлордун) университеттин кайсы структуралык бөлүмүндө иштегендиги көрсөтүлүшү керек;
- Китепти сатып алууда биринчи кезекте КРнын ББжИМнин грифи менен чыккан жана акыркы 2 жылда жарык көргөн басылмаларга уруксат берилет;
- Заявкада адистиктин же билим берүүнүн багытынын (бакалавр, магистратура) жана дисциплинанын аталышы көрсөтүлүшү керек. Дисциплинанын аталышы окуу планында кандай болсо, ошондой жазылышы керек.
- Заявка дисциплина окутулуп жаткан кафедранын башчысы тарабынан даярдалышы керек (автор тарабынан эмес) жана факультеттин деканынын жана Окуу-информациялык департаменттин директорунун макулдугу болушу керек;
- Китепкананын комплектөө бөлүмү кабыл алынып жаткан басылманын канча экз. керек экендигин аныктап берет.

## 2. Окуу адабияттары менен камсыздоого коюлуучу талаптар

Окуу басылмалары университеттин структураларынын арызы боюнча кабыл алынат.

Университетке кабыл алынуучу окуу басылмалары төмөнкү шарттарга жооп бериши керек:

1). ББКсы болуш керек. *ББК – Библиотекалык-библиографиялык классификатор.* Китепкана фондун, систематикалык каталогдорду жана картотекаларды түзүү үчүн колдонулат.

2). УДКсы болуш керек. *УДК — универсалдык ондук классификатор (универсальный десятичный классификатор).* Дүйнөлүк масштабда басылмаларды (информацияларды) классификациялоо жана картотекаларды түзүү үчүн колдонулат.

3). Автордук белгиси болуш керек. *Автордук белгиси (Каттеровский знак) деп автордун (авторлор экөө же үчөө болсо, алардын биринчисинин) фамилиясынын же китептин заглавиесинин биринчи тамгасы аркылуу эки орундуу цифра менен шарттуу белгиленишин айтабыз.*

4). ISBN номери болуш керек. ISBN — Китептин эл аралык стандарттык номери (International Standard Book Number). Китепти сатуу тармактарында таратуу жана китеп менен иштөөнү автоматташтыруу үчүн колдонулат. Басылманын ISBN номери ББК, УДК жана автордук белги менен катар басылма пакетинин компонентасы болуп эсептелет.

5). КРнын ББжИ Министрлигини грифи болсо.

6). Басылмалар ГОСТ 7.1-2003 (мамлекеттер аралык стандарт) стандартынын талаптарына жооп бериши керек.

7). Басылмалар санитардык-гигиеналык нормаларга жооп бериши керек: шрифттин вертикалдык өлчөмү (кегль) – 14 пункттан (пт) кем болбош керек; китептин тексти жакшы окула турган болуш керек, б.а. типографиялык дефекти болбош керек; сүрөттөр жана диаграммалар даана (күңүрт эмес) көрүнүп турушу керек, б.а. башка китептерден көчүрүлүп албаш керек, мукабасы жакшылап жабыштырылган болуш керек, б.а. китептен ажырап калбаш керек ж.б.

Окуу басылмаларын кабыл алуу Окуу планда каралган бардык дисциплиналар боюнча студенттерди камсыздоо талабы боюнча жүргүзүлөт.

Негизги окуу адабияттарынын көлөмү (грифи бар) жалпы университеттик фонддун 60% нен кем болбош керек.

***ББК, УДК и автордук белги эмне үчүн керек?***

ББК, УДК индекстери жана автордук белги китеп жайгашкан алфавиттик каталогдун жана китепкана классификаторунун бөлүмдөрүн (автордун атынын биринчи тамгасы, УДК жана басылманын тематикасынын жардамы менен китептер окуу, техникалык, көркөм ж.б. бөлүмдөрүнө бөлүнөт) аныктайт. Бул үч индекс китепти ***сактоо шифри*** болуп эсептелет.

## 3. Окуу басылмаларынын эскирүү мөөнөтү

2-таблица

| № | Дисциплиналар цикли | Эскирүү мөөнөтү |
|---|---|---|
| 1 | Жалпы гуманитардык жана социалдык-экономикалык | Акыркы 5 жыл |
| 2 | Табигый-илимий жана математикалык | Акыркы 10 жыл |
| 3 | Жалпы профессионалдык | Акыркы 10 жыл |
| 4 | Адистикке тиешелүү сабактар | Акыркы 5 жыл |

Окуу адабияттарында дисциплиналар боюнча студенттердин милдеттүү түрдө өздөштүрө турган базалык билимдеринин системасы баяндалган болуш керек.

## 4. Негизги окуу адабияттары

- Окуу китептери жана окуу колдонмолору;
- Практикумдар, маселелердин жана көнүгүүлөрдүн жыйнактары;
- Лекциялардын конспектилери, окуу-методикалык басылмалар;
- Кыргыз жана чет тилдерди окутууда окуу программаларга киргизилген көркөм адабияттар.

## 5. Кошумча адабияттар

- Илимий адабияттар;
- Энциклопедиялар, справочниктер;
- Нормативдик жана инструктивдик материалдар;
- Официалдуу жана мыйзамдык документтер;
- Информациялык жана мезгилдүү басылмалар;
- Кыргыз тилиндеги жана чет тилдер боюнча сөздүктөр, атластар;
- Электрондук басылмалар;
- Аудиовизуалдык басылмалар.

**Электрондук басылмалар** деп оптикалык компакт-дисктерге (CD-ROM, DVD ж.б.) жазылган жана персоналдык компьютерлердин жардамы менен окулуучу окуу-илимий басылмаларын, прикладдык программалардын пакеттерин айтабыз.

**Аудиовизуалдык басылмалар** деп тексттик, үндүк жана сүрөттүк информациялардын комбинацияларын камтып турган жана аларды окуу үчүн техникалык каражат талап кылынган басылмаларды айтабыз. Аудиовизуалдык басылмаларга фонодокументтер (грампластинкалар, магниттик кассеталар), видеодокументтер (кинофильмдер, микрофильмдер, диафильмдер), фотодокументтер (диапозитивдер) кирет.

Адабияттарды негизги жана кошумча категорияларына бөлүү кафедра тарабынан чечилет жана кабыл алуу заявкасында көрсөтүлөт.

## 6. Китепкананы адабияттар менен камсыздоо коэффициенти

| № | Дисциплиналар цикли | Жогорку билим берүү |
|---|---|---|
| **Негизги окуу адабияты** | | |
| 1 | Жалпы гуманитардык жана социалдык-экономикалык | 0,5<br>2 студ. 1 китеп |
| 2 | Табигый-илимий жана математикалык | 0,5<br>2 студ. 1 китеп |
| 3 | Жалпы профессионалдык | 0,5<br>2 студ. 1 китеп |
| 4 | Атайын дисциплиналар | 0,3<br>3 студ. 1 китеп |
| **Кошумча окуу адабияты** | | |
| 5 | Бардык дисциплиналар боюнча | 0,2<br>5 студ. 1 китеп |
| | | 0,1<br>10 студ. 1 китеп |
| **Колледждер үчүн** | | |
| 6 | Бардык дисциплиналар боюнча | 0,2<br>5 студ. 1 китеп |
| | | 0,1<br>10 студ. 1 китеп |

## 7. Заявканы даярдоо

ОшМУнун ар бир окутуучусу жана кызматкери университеттин китепканасынын китеп фондун илимий жана окуу басылмалары менен комплектөөгө катыша алат.

Адабияттарды кабыл алуу үчүн 1-тиркеме боюнча заявканын бланкасын толтуруу керек.

Китепканага кабыл алынып жаткан басылманын канча экземпляр жана кандай баада кабыл алынышы ОшМУнун ректору тарабынан түзүлгөн комиссия аныктайт жана ректорго сунушталат. Китептин баасы анын сапатына (кагаздын түсүнө, актыгына, жылмакайлыгына, боёктун берилишине, ж.б.), мазмунуна, көлөмүнө, мукабасынын сапатына, сарпталган чыгым боюнча документке, ж.б. маалыматтарга карата чыгарылат.

Китепкана ресурстарын уюштуруу борбору келген китептерге кабыл алгандыгы жөнүндө тиешелүү документтерге (акт, келишим, билдирүү, счет-фактура ж.б.) кол койгондон кийин гана бухгалтерия тиешелүү төлөм акысын берүүсү зарыл.

Жогорудагы көрсөтүлгөн талаптарга жооп бербеген басылмалар университеттин китепкана фондуна кабыл алынбайт.

1-тиркеме

ОшМУнун Ректору К.А. Исаковго

______________________________________

кафедрасынын башчысы

______________________________________

*(фамилиясы, аты, атасынын аты)*

**Окуу адабиятын кабыл алуу боюнча**
**ЗАЯВКАСЫ**

Төмөнкү окуу басылманы ОшМУнун китепканасына кабыл алууңузду суранам:

Автор (авторлор) (Ф.А.А.)______________________________________________________

Китептин аталышы ______________________________________________________
______________________________________________________________________

Басылган жери, басмакана, басылган жылы______________________________________
______________________________________________________________________

КРнын ББжИМнын грифи *(керектүүсүнүн астын сызгыла)*: ооба жок

Кабыл алынуучу китептин саны______________________________________________

Басылма ____________________________________________________________
*адистигинин (багытынын)*
______________________________________________________________________
*(жалпы гуман. ж. соц.-экон., табигый.-илим. ж. матем., жалпы проф., атайын дисциплиналар циклинин)*
______________________________________________________________________
*дисциплинасы боюнча*

***негизги адабият*** же ***кошумча адабият*** категориясына кирет *(керектүүсүнүн астын сызгыла)*

Басылма билим берүүнүн ***адис, бакалавр, магистр*** *(керектүүсүнүн астын сызгыла)* программасына туура келет.

Басылманы колдонуучу студенттердин саны ____________________________________

Факультет_____________ Курс_______________ Группалар ______________________

Автордун иштеген структуралык бөлүмү __________________________________
*(колу, ФАА, телефону)*
______________________________________________________________________

Кафедра башчысы_________________________________________________________
*(колу, ФАА)*

Басылманын 1 экземплярынын баасы ______________________________________

*ОшМУнун китепканасын окуу басылмалары менен комплекттөө коммерциялык багытта болбогондуктан басылманын өздүк баасын сунуштоо максатка ылайыктуу болот.*

# Мазмуну

1. ОшМУнун китепканасына адабияттарды кабыл алуунун тартиби жана шарттары........................................................................................................3
2. Окуу адабияттары менен камсыздоого коюлуучу талаптар ..............................4
3. Окуу басылмаларынын эскирүү мөөнөтү .........................................................5
4. Негизги окуу адабияттары.................................................................................5
5. Кошумча адабияттар .........................................................................................5
6. Китепкананы адабияттар менен камсыздоо коэффициенти .............................6
7. Заявканы даярдоо...............................................................................................6